КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
тел: 620821; факс 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН 01704199610123

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ
ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

720011, г.Бишкек, ул.Пушкина, 50
тел: 620821; факс 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН 01704199610123

**Р.Р. Рысбаевдин**
**ишеним кат боюнча өкүлү**
**А.Б.Джумалиевге**
*Дареги:Бишкек шаары,*
*Совмин к-р, 5-үй, 4-батир;*
*Тел.:0556379376*

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана рефернднум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссияся) Сиздин 2022-жылдын 23-ноябрындагы арызыңыз боюнча төмөнкүлөрдү билдирет.

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 45-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө ылайык:

"*Шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо жөнүндө чечимдерине талапкерлер, талапкерлердин тизмелерин көрсөткөн саясий партиялар, алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана байкоочулар арыздар (даттануулар) менен кайрыла алышат.*

*Добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө тууралуу участкалык шайлоо комиссияларынын чечимдерине округдук, аймактык шайлоо комиссияларына даттанылат; аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерине Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат; Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдерине биринчи инстанциядагы сотко даттанылат; биринчи инстанциядагы соттун чечимдерине Жогорку сотко даттанылат.*

***Арыздар (даттануулар) добуш берүүнүн жыйынтыгы белгиленген же шайлоонун натыйжалары аныкталган учурдан тартып, 3 календардык күндүн ичинде берилет***".

Ошону менен бирге, ушул эле берененин 5 жана 10-бөлүктөрүнө ылайык, ***"Кабыл алынган чечимдерге арыздар (даттануулар) чечим кабыл алынган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде берилет",***

***"<u>Арыздарды (даттанууларды) берүү мөөнөттөрү калыбына келтирилүүгө жатпайт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөр бүткөндөн кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт</u>".***

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН
ЭЛЕКТРОННОЙ ЦИФРОВОЙ ПОДПИСЬЮ

9y EN VF EC mD xF 6v AZ XJ 1a m Lr 4F Cl 5x 2C
dE PN RH bX gT NR OJ 4z iV oC wp It l0 cB 2E pj
Владелец: Шайназаров Тынчтык Урайимович
Действителен: с 24.06.2022 по 24.06.2023

№4 Көк-Жар шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоонун натыйжалары Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 12-декабрындагы "Бир мандаттуу №4 Көк-Жар шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоо натыйжалары тууралуу" №822-токтому менен аныкталган.

Аталган токтом соттук тартипте даттанууда Бишкек шаарынын административдик сотунун 2021-жылдын 17-декабрындагы чечими жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2021-жылдын 23-декабрындагы токтому менен күчүндө калтырылган.

Демек, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 12-декабрындагы № 822-токтому мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген.

Ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 27-декабрындагы № 838-токтомунун 1-пунктунун 4-пунктчасы менен № 4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп Бакиров Өмүрбек Мирзараимович катталган.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 45-беренесине ылайык, даттанууга белгиленген мөөнөттөрдүн бүтүшүнө байланыштуу Сиздин арызыңыз Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан кароого жатпагандыгын билдиребиз.

**Урматтоо менен,**

**Төраганын орун басары** **Т.У.Шайназаров**

Атк.: УКБ, Кутбердиева М., 0312 660143

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН
ЭЛЕКТРОННОЙ ЦИФРОВОЙ ПОДПИСЬЮ

9y EN VF EC mD xF 6v AZ XJ 1a m Lr 4F CI 5x 2C dE PN RH bX gT NR OJ 4z iV oC wp It I0 cB 2E pj
Владелец: Шайназаров Тынчтык Урайимович
Действителен: с 24.06.2022 по 24.06.2023